**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**К.КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д. 10.16.616 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 821.512.154:94(575.2)**

**ЭШМАМБЕТОВА НУРАЙЫМ МУКАМБЕТОВНА**

# ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛДЕН КИЙИНКИ КЫРГЫЗ РОМАНДАРЫНДА ТАРЫХЫЙ ЧЫНДЫКТЫН КӨРКӨМ ИНТЕРПРЕТАЦИЯЛАНЫШЫ

**(1990-2010 жж.)**

10.01.01 – кыргыз адабияты

филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

**Бишкек – 2022**

Диссертациялык иш К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин Кыргыз адабияты кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** **Мусаев Абдылда Инаятович,** филология илимдеринин доктору, профессор, К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин ректору

**Расмий оппоненттер:** **Тиллебаев Садык Алаханович**, филология илимдеринин доктору, доцент, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Мамлекеттик тил боюнча проректору

**Жумакадырова Карлыгач Мамбетжумаевна**, филология илимдеринин кандадаты, доцент, Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин С.Жусуев атындагы Мамлекеттик тил борборунун жетекчиси

**Жетектөөчү мекеме:** К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик Университетинин Кыргыз тили жана адабияты Кафедрасы. Дареги: 722200 Кыргыз Республикасы, Каракол ш. Ж.Абдрахманов көчөсү, 103

Диссертация 2022-жылдын 11-мартында саат 15.00дө филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертацияларды коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин алдында түзүлгөн Д 10.20.616 Диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан (Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспекти, 265-а) Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч. 547) К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин китепканасынан (722044), Бишкек ш., Ч. Айтматовдун проспекти, 27) жана Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын электрондук порталынан https://vc.vak.kg/b/ds--r3q-rf9-gyb шилтемеси аркылуу таанышууга болот.

Автореферат 2022-жылдын 11-февралында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, филология илимдеринин кандидаты** **Ыйсаева Н.Т.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Диссертациялык иштин актуалдуулугу бир катар маселелерден көрүнөт. *Биринчиден*, XX кылымдын 90-жылдары кыргыз эли эгемендикке ээ болуу менен тарыхый мазмунга ээ бир топ өзгөрүүлөр болду. Мамлекеттин эгемен республика аталышы өлкөнүн саясий багытын аныктап, көптөгөн маселелерди жаңыча кароо зарылдыгын көрсөттү. Элибиздин басып өткөн тарыхына сынчыл мамиле кылып, айрым «актай» калган жерлерин толуктоо, жаңылоо милдети күн тартибине көтөрүлдү. Доордун алмашуусу бир катар түшүнүктөрдүн жаңылануусун шарттап, адабиятта да айрым маселелер жаңылануга муктаж болуп турду. Кыргыз жергесинде өткөн идеологиянын негизги түшүнүктөрү кыйрап, анын аркасында мурда калыпка салынган «жашоо образы» бузулуп, ал адабий-теориялык ойлорго бир катар толуктоолор керектигин ачыкка чыгарды. *Экинчиден,* «базар экономикасы» деген түшүнүктүн келиши бир гана социалдык жашоо-тиричиликке өзүнүн таасирин тийгизбестен, коомдук-рухий, адеп-ахлактык, көркөм-эстетикалык дүйнө кабылдоого, анын натыйжасында жарандык коомдун дүйнө таанымына өзгөрүү критерийлерин сунуштап, байыркы доорлордон бери жашап келген кыргыздардын тарыхый баскан жолунун облигин жаңыча түзүү зарылдыгын коомчулуктун алдына койду. *Үчүнчүдөн,* жаңы доор социалдык чөйрөдө демократиялык коомдук түзүлүштүн калыптануусуна алып келип, жеке адамдын өздүк дүйнө кабылдоосу аркылуу болуп өткөн тарыхый окуяларга карата мамилеси менен эсептешүүгө шарт түзсө, адабий чыгармачылыкта ишке ашырылган мындай түрдүү ой жорумга жалпылаштырып баа берүү маселесин да көтөрдү. *Төртүнчүдөн*, доордун алмашуусу «тапчыл көз караш» менен «болбойт» деген адабий дөөлөттөрдү толугу менен кайрадан талдоону, ага тарыхый принципте баа берүү маселесин адабий коомчулуктун алдына койсо, ушул дүйнө тааным менен четтетилген тарыхый инсандарды жана алар жашаган доордун көркөм чыгармада жашаган образын түзүү мүмкүнчүлүгүнө жаңыча мамиле керектигин көрсөтүп, кыргыз адабиятында адабий дөөлөттөрдүн ордун аныктоодо «көзүр» болуп турган коммунисттик моралдын критерийлерине өзгөртүүлөр жана толуктоолор керектигин да ачыктады. Ал улуттук адабий-көркөм мурастарга жаңыча, болгондо да плюралисттик көз карашта мамиле кылуунун зарылдыгын аныктап, «оң каарман» деген түшүнүккө карата болгон көз карашты мазмундук жактан өзгөрүүсүн милдеттендирди.

Көркөм чыгармачылыкка карата көз караштын ушул багытка өтүшү адабий процессте көркөм-эстетикалык сапаты ар кыл жана көркөмдүк деңгээли ар түрдүү чыгармалардын пайда болуусун шарттап, көтөргөн идеясы мазмунга, мазмуну формага туура келе бербеген адабий чыгармалардын кескин көбөйүшүнө алып келди. Адабий чыгармага жаратууга болгон мындай мамиле тарыхый доордун көркөм чыгарманын ичинде орун алышына карай бир нече көз карашты пайда кылып, ошол доорлордун жана андагы коомдук өзгөрүүлөр үчүн маанилүү роль ойногон тарыхый инсандардын көркөм элесин түзүүдө калемгерге өзүнүн жеке

дүйнө таанымына артыкчылык беришкени менен аны өлкөнүн кызыкчылыгына кандай байланыштыра алуусуна карай изилдөөнү тереңдетүүнү талап кылууда.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Бул кандидаттык диссертациянын темасы К.Карасаев атындагы БГУнун кыргыз адабияты кафедрасынын тематикалык планына ылайык келет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери:** Кыргыз адабиятынын тарыхый өнүгүшүндө тарыхый чындыктын көркөм интерпретациялоонун бир нече катмары жашап өткөнү талашсыз. Андай көркөм аңдаштыруунун пайда болушуна жана калыптануусуна, ошол мезгилдеги коомдук-саясий түзүлүш, философиялык агымдар, жарандык коомдун дүйнө кабылдоосу, жеке чыгармачыл адамдын улуттук жана жалпы адамзаттык дүйнө таанымына тийгизген таасири маанилүү роль ойносо да, алар адабиятчылар, тарыхчылар, коомдук ишмерлер, саясатчылар, акын-жазуучулар тарабынан кепке алынып, түрдүү мазмунда пикир айтылып, бирдиктүү концепция жарала элек экенин эске алуу менен, проблеманы монографиялык планда изилдөөнү, кыргыз адабиятында тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоонун пайда болуусун жана калыптануусун роман жанрынын мисалында ачып берүүнү  максат кылдык. Бул максатты ишке ашырууда алдыбызга төмөнкүдөй милдеттер коюлду:

- совет доорунда жана эгемендүүлүктөн кийин кыргыз адабият таануу илиминде тарыхый чындыктын көркөм интерпретацияланышынын изилдениш абалын аныктоо;
- кыргыз адабиятында совет дооруна чейин тарыхый чындыкты көркөм аңдаштыруунун пайда болуусу жана калыптануусун жана совет доорунда тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоонун саясий жактан көзөмөлгө алынышы жана анын оң-терс жактарын ачып көрсөтүү;
- эгемендүүлүктөн кийин жарыкка чыккан кыргыз романдарында тарыхый чындыкты интерпретациялоонун эволюциясын иликтөө;
- эгемендүүлүктөн кийин кыргыз адабиятында тарыхый чындыкты берүү чеберчилиги аркылуу азыркы тарыхый роман жанрынын өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү;
- азыркы кыргыз романдарындагы автордун көркөм ойлоо чеберчилигинин өнүгүшү аркылуу тарыхый чындыкты интерпретациялоонун көркөм дөөлөтүн тастыктоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.**

- бүгүнкү күнгө чейин бул багытта түрдүү көз караштар болгону менен тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоо проблемасы эгемендүүлүктөн кийинки тарыхый романдардын мисалында алгач ирет анализ жасалып, анын оң жана терс жактарынын ачыкталышынан;
- эгемендүүлүктөн кийин кыргыз адабиятында тарыхый чындыкты роман жанрында көркөм интерпретациялоонун көп түрдүүлүккө өтүшү жана автордун көркөм ойлоо чеберчилигинин аталган жанрдын табиятын түзүүгө маанилүү роль ойной турган маселе экендигинин ачыктоодон;

- тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоо көркөм дөөлөттөрдү жаратууда гуманисттик, атуулдук-мекенчилдик, руханий-этикалык, моралдык-эстетикалык түшүнүктөрдү чагылдыруу чеберчилигинин негизги булагы экендигинин ачылып берилишинен көрүнөт.

**Иштин теориялык мааниси:** Кыргыз адабиятындагы роман жанрында тарыхый чындыктын көркөм интерпретациялоонун калыптануусунун жана эгемендүүлүктөн кийинки эволюциясынын илимий жактан аныкталгандыгында.

**Иштин практикалык мааниси:** Диссертациянын материалдарын жана илимий жыйынтыктарын адабият таануу илиминде эгемендүүлүктөн кийинки тарыхый романдарды иликтөө иштеринде, ЖОЖдордо XX кылымдагы кыргыз адабияты боюнча курста, атайын курстарды өтүүдө колдонулат. Мындан сырткары, кыргыз профессионал жазма адабияты боюнча окуу басылмаларын, окуу китептерин, окуу усулдук куралдарды, көрсөтмөлөрдү, колдонмолорду түзүүдө пайдаланылат.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

- эгемендик жылдары кыргыз адабиятына таандык адабий-эстетикалык дөөлөттөрдү аныктап, алардын негизги сапаттык белгилерин адабий коомчулукка жана жалпы окурман журтка жеткирүү, практика менен теориянын ортосунда айырмачылыкты жоюу аракети көрүлүп келет. Бул маселелер тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоого, өзгөчө көркөм аңдаштыруу менен аны чыгармачылыкта колдоно билүүнүн ортосундагы байланышты түзүүгө, кыргыз эли калыптандырган чындыкты көркөм кабылдоо менен азыркы окурмандын эстетикалык табитин байланыштырууда адабий изилдөөлөрдүн ролун күчөтүү зарыл;

- Окурмандын көркөм чыгармага болгон табити азыркы коомдун адабий-эстетикалык талаптарын толугу менен ичине камтыгандыктан, чыгарманын окурман чөйрөдө канчалык кабыл алынышы менен бирдей каралышы шарт. Дүйнөлүк адабий коомчулукта аныкталган бул критерий чыгармадагы көркөм интерпретациялоонун ордун аныктоодо маанилүү орунду ээлейт;

- Тарыхый чындык тарыхый мазмунга ээ болгон бардык чыгармалар үчүн канчалык маанилүү орунду ээлесе, анын көркөм чыгармада жашап калуусуна автордук көркөм интерпретациялоо ошончолук маани-маңызга ээ;

- Кыргыз элинде тарыхый чындыкты көркөм интепретациялоо иштери тээ байыркы мезгилдерден бери карай калыптана баштаган. Анын башаты улуттук адабияттын байыркы үлгүлөрүндө алгач ирет орун алып, кийинки мезгилдерде улам толукталып жүрүп отурган;

- Кыргыз адабиятында өткөн кылымдын 60-жылдарына чейин тарыхый болмушту сүрөттөөдө көркөм интерпретациялоо адабий-эстетикалык жактан кадимки фольклордук ойлоо калыптандырган коллективдүү ойлоо табиятынан чыга алды;

- Жазуучуларда тарыхый окуяларды жана аны кыймылга келтирген каармандардын көркөм элесин түзүүдө улуттук керектөөнүн талабын аткаруу башкы маселе турду. Ал түрдүү кырдаалдар менен аныкталууга тийиш болсо да, башкысы жанрдын табиятын пайдаланууда улуттук көркөм аңдаштыруу жана

аны улуттук керектөө менен айкалыштырууну автордук көркөм интерпретацияга милдеттендирген;

- Тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоодо автордук көркөм ойлоо жанрды аныктоого толук мүмкүнчүлүгү бар критерий экендиги аныкталды;
- Эгемендүүлүктөн кийинки автордук көркөм интерпретация тарыхый роман жанрынын негизинде доордун саясий көрүнүшүн көрсөтүүгө багыт алып, ошол доорго таандык кыргыздын улуттук жүзүн кадимки социалдык-турмуштук көрүнүштөр менен берүүгө, саясий элита катары көрүнгөн уруу башчылары менен бирге карапайым элдин турмушунун көркөм элесин түзүүгө аракет кылган;
- Автордук көркөм интерпретация калем кармаган адамдын индивидуалдуу чеберчилиги экендиги талашсыз. Анын жалпы улуттук көркөм кабылдоону, адабий дүйнө таанымды өнүктүрүүгө ролу тарыхый теманы өздөштүрүүдө, тарыхта болгон доорго тиешелүү окуяларды роман жанрынын табиятында көркөм интерпретациялоодо билинет.

**Изденүүчүнүн жекече салымы:** Кыргыз романдарында тарыхый чындыктын көркөм интерпретациялоонун калыптануусу жана эгемендүүлүктөн кийинки эволюциясынын, тарыхый чындыкты берүүдө автордук көркөм ойлоо чеберчилигинин өнүгүшүнүн, алардын совет доорунда жана эгемендүүлүктөн кийин изилдениши абалынын алгач ирет системага салынышы.

**Изилдөөнүн апробациясы:** диссертациянын илимий тыянактарынын негизинде эл аралык жана республикалык конференцияларда баяндамалар окулду.

**Изилдөөнүн илимий басылмаларда жарыяланышы**. Кыргызстандын илимий журналдарында

Илимий иштин негизги мазмуну КР ЖАКтын тизмесине кирген басылмаларда 10, илимий жыйнактарда 3, республикалык конференцияларда 1 илимий баяндама жарыяланган.

**Изилдөөнүн структурасы:** Диссертация киришүүдөн, үч главадан, главадан чыгарылган корутунду жана жалпы корутунду менен пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Иштин жалпы көлөмү – 196 бет.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Иштин **киришүүсүндө** иликтөөгө алынган проблеманын актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, коргоого алып чыгуучу жоболору, илимий жаңылыгы, методологиялык негизи, практикалык мааниси, изилдөөнүн тыянактарынын апробацияланышы жөнүндө маалымат берилди.

**«Кыргыз адабият таануу илиминде тарыхый романдардын изилдениш абалы»** деген биринчи глава эки параграфтан турат. Анын 1-параграфы "**Кыргыз романдарында тарыхый чындыктын көркөм интерпретацияланышы жана совет доорунда изилдениши**" деп аталып, анда көлөмдүү эпикалык чыгармаларда тарыхый чындыктын көркөм интерпретациялоонун табияты, жанрдык өзгөчөлүгү, кыргыз адабият таануу илиминде изилдениши каралды.

Жалпы адамзаттын басып өткөн тарыхый жолунан алып караганда чындыкты интерпретациялоонун көп кылымдык баскан жолу бар экендиги талашсыз. Кыргыз адабияты кыргыз эли басып өткөн тарыхый турмушту адабий чыгармалар аркылуу көркөм-элестүү чагылдыруунун жолдорун байыркы мезгилдерден бери колдонуп келишкен. Бул параграфта алгач проблемага кең жана тар мааниде кайрылуу зарылдыгы көрсөтүлүп, кыргыз эли басып өткөн тарыхый доорлордун роман жанрында көркөм интерпретациялоонун объективдүү жагдайлары белгиленет. Элдин тарыхы менен түздөн-түз байланышта турган тарыхый доорду, ал аркылуу жаралган тарыхый өнүгүштүн улуттук аң сезимде жана жеке инсандар тарабынан кабыл алынышы бир эле роман жанрда пайда боло калбагандыгы эске алсак, тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоонун улуттук адабиятта алган ордуна экскурс жасалат. Кыргыз адабият таануу илиминде улут басып өткөн тарыхый чындыкты бир жанрдын алкагында кароо, б. а. роман жанрын алып, монографиялык планда изилдөөнүн себептери көрсөтүлөт. Маселеге буга чейин кайрылгандар бар экенин эскертилип, ага орус окумуштууларынын ойлорунан бир катар мисалдар келтирилет. Мисалы, В.А. Юдин бул маселеге кыйыр түрүндө кайрылып, аны адабий процесстеги жаңычылдыкка байланыштырып караса [Юдин В. А. Проблемы жанра современного русского исторического романа // Проблема традиций и новаторства русской советской прозы. 1990.], Л.С.Лихачев тарыхый чындыктын көркөм-элестүү берилишин ар бир жанрдагы чыгарманын "ички дүйнөсүнүн" туура берилиши, андагы автордун чеберчилиги катары өткөн кылымдын экинчи жарымында эле аныктап койгон [Лихачев Л.С. Внутренний мир художественного произведения // Вопросы литературы, 1968.]. Аны менен катар роман жанрынын тарыхый чындыкты көркөм чагылдырууда көркөм чындыкты түзүүнүн өзүнө таандык өзгөчөлүгү болушу керектигин, ал көркөм чыгармадагы кыймыл менен убакытты көрсөтүүнүн өзгөчө мүнөзү бар экенин түшүндүрүү менен В.М.Жирмунский ага "портика" деген аталыш берген болсо [Жирмунский В. М. Теория литературы. – М.: Наука, 1977, 15-бет], Ю.Б.Борев тарыхый чындыкты туура көркөм интерпретациялоонун жарандык коомдо жеке адамдын эстетикалык дүйнө кабылдоосун калыптандырууда мааниси зор экенин өзүнүн "Эстетика" аттуу эмгегинде [Борев Ю. Б. Эстетика. – М.: Полит литер., 1988, 256-бет] кеңири түшүндүрүп кетет.

Кыргыз адабиятында XX кылымда пайда болгон роман жанры турмуштук көрүнүштөр менен бирге белгилүү бир тарыхый чындыкты чагылдыруу аракетин 30-жылдардан тарта көрө баштаган. Маселен, К.Жантөшевдин "Каныбек", М.Элебаевдин "Узак жол", Т.Сыдыкбековдун "Кең-Суу" романдары белгилүү бир доордун тарыхый чындыгын интерпретациялап, көркөм туунду түзүүдө улут басып өткөн тарыхый кырдаалдарга таянуу аркылуу реалдуу турмуштук белгилерди чагылдырууга жетишкен.

Ал жылдары кыргыз адабияты үчүн роман жанры жаңы болгону менен аны улуттук адабий чөйрөгө алып келген авторлордун көркөм аңдаштыруу касиети ага чейинки кыргыз эли калыптандырып келген дүйнө кабылдоонун чегинен чыга албайт болчу. Ошондуктан, аны төмөнкү жагдайлар менен бирге кароо зарылдыгы турат: 1) кыргыз эли өзү кылымдап калыптандырган көчмөн маданиятка мүнөздүү тарыхый чындыкты көркөм аңдаштыруу жана аны интерпретациялоо традициясы; 2) көркөм интерпретациялоо кыргыз элинде төкмөлүк өнөрдүн реалдуу көрүнүштү жана тарыхый окуяны баяндоо чеберчилигине мүнөздүү көрүнүштөр менен байланыштуу каралууга тийиш болгону; 3) нечен кылымды ичине алган Чыгыш, Орто Азия жана орус адабиятынын кыргыз элинин адабий-эстетикалык көркөм кабылдоосуна тийгизген таасири, анын тарыхый чындыкты, реалдуу турмуштук көрүнүштөрдү көркөм интерпретациялоодогу ролу.

Аталган проблеманын башын ачып берүү зарылдыгы күн тартибине коюлганы менен кыргыз адабиятчылары аны түрдүү аспектиде кепке алышып, бирок башкы планга алып чыга алышпаганын азыр бир топ факторлорго байланыштырып түшүндүрүүгө болот: 1) Ошол мезгилдеги бийлик тарабынан **тарыхый чындыкты көркөм чагылдырууга толук көзөмөлдүн болуп турушу**. Анткени, ошол жылдарда аталган проблемада жазылган чыгармалар тарыхый чындыкты өздөштүрүүдө – автор тарабынан тарыхый доорду, ага мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү берүүдө бир тараптуу (тапчыл мүнөздө) болуп, улуттук адабияттын роман жанрынын калыптануусуна анализдөө иштерине толуктоо зарыл экенин көрсөтүп турат. Ал эми мындай көрүнүш совет доорунда тапчыл көз караш менен жазылган окуу китептеринде [Асаналиев К. Кыргыз совет прозасынын очерки. – Фрунзе, Илим, 1957, 15-бет.], академиялык басылмаларда [Кыргыз совет адабият тарыхынын очерки. – Фрунзе, Кыргыз мамлекеттик окуу-педагогикалык басмасы, 1960. – 496 бет; Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. – Фрунзе, Илим, 1987, I том. – 821 бет.] айтылган ойлорду бүгүнкү күндө иштелип чыккан концептуалдуу илимий-теориялык көз караштар менен жаңылоо зарылдыгын ачыкка чыгарууда. 2) Тарыхый чындыкты көркөм чагылдыруу кандай мазмунда болбосун көркөм адабиятта улутка гана мүнөздүү туундулардан тура тургандыгын, ал ошол аркылуу артыкчылыкка ээ адабий-эстетикалык баалуулук экендигин азыркы **адабий коомчулукка алып чыгуу зарылдыгы менен** коштолот. Антпесе, ар бир көркөм чыгарманын жаралуусуна маанилүү роль ойногон улуттук адабияттын өз салттары эске алынбай эле сырттан ташылып келген илимий-теориялык түшүнүктөргө жабыштыруу, "тигиндей үйрөнгөн, муну туураган" деген сыяктуу көз караштар кыргыз адабият таануу илиминде өз күчүн жоготпой келе жатат. Тактап айтканда, кандай чындык болбосун улуттук адабиятта өз ордун таап, чыныгы адабий-эстетикалык баалуулукка айланып, улуттук көркөм дөөлөткө ээ болуучу сапатка

жетүү үчүн жазуучунун жеке чыгармачыл аракети менен табылган интерпретациясы кандай маанилүү болсо, аны кабыл ала билген окурман чөйрөнүн көркөм-адабий элестүү кабылдоосу ошончолук мааниге экендигин К.Асаналиев өз мезгилинде учкай белгилеген болсо [Асаналиев, К. Калыптануу жана жетилүү жолунда: Проза. [Текст] // Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. – Ф.: Илим, 1987, I том, 190-194-б.] да, бул көз караште андан ары тереңдетип изилдөөгө ошол мезгилдеги коомдук-саясий абал жол бербегендигине токтолбой коюуга болбой турат. 3) Кыргыз эли биздин эрага чейин пайда болуп, бүгүнкү күнгө келип жетишинде **далай цивилизацияларды башынан кечирип, ошол тарыхый доорлордо болуп өткөн чындыкты көркөм чыгармаларда интерпретациялай алгандыгы** талашсыз. Ал доорлор ордун бири-бирине жөн эле жол бошотуп бербегенин эске алсак, анын "издери" адабий чыгармаларда баары бир сакталып келе жатканын ачык эле көрсөтө алат. Мындай диалектикалык байланышта турган адабий чыгармачылык доорлордун ортосунда каардуу карама-каршылыкты бириктирип, бирок ар бир доордун өзүнө таандык сапаттык белгилерин жоготпой камтып, дал ошол белгини улуттук адабияттын өзүндө көрсөтө алганы менен айырмаланат.

Ал эми проблеманы изилдениш зарылдыгына келгенде бир катар **объективдүү факторлор** – совет доорунда пайда болгон коммунисттик көз караш жана аны менен жазылган изилдөөлөрдө кыргыз эли башынан өткөргөн тарыхый окуялардын, өзгөчө тарыхый доорлордун изин камтыган чыгармалар кандай бааланганын жана кантип, кайсы критерийлерге артыкчылык берилгенин айта кетүү керек. Роман жанры кыргыз адабиятында XX кылымдын биринчи жарымында пайда болгону менен "Манас" баш болгон элдик эпостор (буга зарылдыгына жараша бардык чыгармаларды келтирсе болот) чагылдырган тарыхый окуялар ошол чыгарманы улуттун тарыхына байланыштырууга мүмкүнчүлүк түзсө, окумуштуулар арасында ал чыгармалардан эл тарыхын жараткан инсандарды издөө улуу эпостун өзүнөн башталып [Юнусалиев Б.М. Кириш сөз. [Текст] Б.Юнусалиев // Манас. I том. – Ф.: Кыргызмамбас, 1958, 5-14-б.], ал көз караш салттуу көрүнүш катары ушул мезгилге чейин уланып [Токтогазиев Т.Ш. Айкөл Манас – тарыхый инсан. [Текст] Т. Токтогазиев – Б.: Турар, 2013. – 358 б.], ал тургай аларды чыгарманын каарманына байланыштырып, анан белгилүү бир тарыхый окуяны ичине камтып, аны доор менен аныктоого аракет кылган бир бүтүн концепция түзүлүп калган сыяктанат. Заман алмашты, бул замандын кызыкчылыгы менен жазылган эмгектер да пайда болду. Алардын айрымдарын [Ибраимов, О. История кыргызской литературы XX века [Текст]: учеб.пособие для ВУЗов / О.Ибраимов – Б., 2012, – 20-63-б.; Асакеева Д. Ж. Советтик идеология жана XX кылымдагы улуттук адабий-көркөм процесс. [Текст]: Монография. / Д.Асакеева – Б., 2015, 12-162-б.] белгилей кетүүгө тийишпиз. Совет доорунда бул проблеманы ар тараптуу чечүү мүмкүн болбогондугун эске алганда башка маселелердей эле тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоонун мазмуну, анын көркөм чыгармачылыкта аткарылышы, концептуалдуу багытта изилдениши толук бойдон саясий аспектиден көзөмөлгө алынып турушу СССРдин курамында турган бардык улуттук адабияттарга бирдей илимий-теориялык норма киргизгенин жокко чыгарууга болбойт. Бирок тарыхый чындыкты чыгармада көркөм интерпретациялоонун кыргыз элине таандык

өзгөчөлүгү бар экендигин, ал улуттук адабиятта башкы касиетти ээлей тургандыгын окумуштуу эсине албагандыгы байкалат. Ал эми мындай белгилер бар экендигин өзүнүн докторлук эмгегинде Г.Мурзахметова көрсөтүүгө аракеттенген. Мындай көрүнүш бир эле роман жанрына мүнөздүү болбостон жалпы жазма кыргыз адабиятына таандык экенин Ү.Казыбеков өзүнүн изилдөөсүндө [Казыбеков Ү. Народные эпические традиции и генезис кыргызский письменной прозы. [Текст] / Ү. Касыбеков – Б., 1992, 13-б.] белгилесе, ал эми мындай ык-усулдун роман жанрында кандай кызмат кыла турганын Ү.Култаева Т.Сыдыкбековдун "Көк асаба" романынын мисалында [Култаева Ү.Б. Кыргыз тарыхый романдарынын жанрдык өзгөчөлүгү. [Текст] / Ү.Култаева – Б., 2007, 69-б.] түшүндүрөт.

Тарыхый окуяларды роман жанрынын алкагында жайгаштырууда көркөм ойлоого карата саясий талаптардын күчтүү болгонуна карабастан, ар бир жазуучу өз чыгармасында улут калыптандырган көркөм интерпретациялоо салттарын колдонушуп, ойдон чыгарууда тарыхый чындыкты каалагандай көркөмдөштүрүүдө **улуттук адабиятта кылымдап калыптанган көркөм кабылдоону** жетекчиликке алышкан. Тарыхый романдын классикалык үлгүсү болуп эсептелинген Т.Касымбековдун "Сынган кылыч" романын талдоого алган адабиятчылар бул ойду ынанымдуу далилдешкен.

Тарыхый романдарда көркөм интерпретациялоонун кызматы, аны колдонууда автордун чеберчилиги, тигил же бул көз карашты пайдалануудан жаралган натыйжалар кандай болушу мүмкүн экендигин аныктаган изилдөөлөр жаралган. Кыргыз коомчулугуна тарыхый инсан катары белгилүү болгон коомдук ишмер же өнөрпоз адамдардын көркөм образын түзүүгө арналган К.Каимовдун «Атай» (1961), К.Өгөбаевдин «Ак таңдай» (1978), Ш.Бейшеналиевдин «Болот калем» (1981, 1983), С.Өмүрбаевдин «Өзгөргөн өрөөн» (1982), Т.Касымбековдун «Келкел» (1986), ж. б. Роман жанрында өзүнчө тенденцияны пайда кылган. Дүйнөлүк адабияттагы ири жетишкендиктердин илимий-теориялык мазмунун үйрөнүү жана аны улуттук адабиятка көчүрүп келүүгө болгон кызыкчылык кыргыз адабиятчылары менен жазуучуларынын тынымсыз аракеттенүүсүн шарттады. Ал өз кезегинде «тарыхый» деген критерий менен аныкталуучу жаңы түшүнүктөрдү адабий-эстетикалык мазмунда толуктоого жетишти. Андай аракеттер Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» (1966, 1971), К.Осмоналиевдин «Көчмөндөр кагылышы» (1982, 1985) романдарында жеткиликтүү практикаланып, көркөм интерпретациялоонун алдыңкы үлгүлөрү катары кыргыз адабиятында орун алган. Ал тарыхый романдарга түрдүү көз карашын билдирген К.Асаналиев, А.Садыков, К.Артыкбаев, К.Даутов, А.Эркебаев, ж. б. Адабиятчылар пикирлеринде белгиленген. Тактап айтканда, мындай кырдаал тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоо боюнча ар бир автордун индивидуалдуу мамиле кылуу аракети жандана баштаганын белгилейт. Ал эми мезгилдүү басма сөздө ар кыл жылдарда жарыяланган А.Акматалиев, К.Артыкбаев, К.Асаналиев, К.Бобулов, К.Даутов, С.Жигитов, А.Садыков, А.Эркебаев, ж. б. Адабиятчылардын ой пикирлери коомдук-саясий адабий процессте болуп жаткан өзгөрүүлөргө окумуштуулар кайдигер карабаганын билдирет. Жалпысынан, кыргыз адабият таануу илиминде улуттук адабияттын өзгөчөлүгүнө карата жазма адабияттын

үлгүсүндө турган кыргыз элине таандык профессионалдык адабий туундууларды кабыл алууга жалпы окурман журттун да эстетикалык табити жетилип калганын белгилөөгө болот.

Бул главанын 2-параграфы «**Кыргыз адабият таануу илиминде тарыхый романдардын эгемендүүлүктөн кийин изилдениш абалы»** деп аталып, эгемендүүлүктөн кийин бул маселенин изилдениши талдоого алынат. Тактап айтканда Кыргызстан эгемендүүлүгүн алгандан кийин «постсоветтик» деген аталышка ээ болгон өткөөл мезгил түзүлдү. Доордун алмашуусу көп түрдүү ойлоого мүмкүнчүлүк берген адабий процессти жаратты. Бул мезгилде «демократия» деген түшүнүккө жамынган жаңы идеялар жаралып, аны менен кошо кыргыз адабиятына жаңы ысымдар кошулду. Бирок анын алгачкы жылдарында көркөм ойлоону кучагына алып турган адабий чыгармачылык жаңыга умтулганы менен мурунку доордо калыптанган көркөм интерпретациялоодон биротоло кол үзүп кете алган жок [Ибраимов О. История кыргызской литературы XX века. [Текст] О.Ибраимов – Б.: Бийиктик, 2013, 2-том, –431-442-б.]. Ошондой болсо да кыргыз адабиятында, жалпы кыргыз коомчулугунда эгемендүүлүктүн орношу мурда изилдөөгө жолтоо болгон кырдаалды жойду. Кеп кылууга тыюу салынып келген тарыхый инсандар, алардын өмүр таржымалы, элге тийгизген пайдасы, эрдиги жөнүндө түрдүү маалыматтарды жарыялоого жол ачылды. Натыйжада Тайлак баатыр, Ормон хан, Курманжан датка, Боронбай, Балбай, Байтик, Шабдан, ж. б. жөнүндө даректүү маалыматтар менен бирге түрдүү чыгармалар жарык көрө баштады.

Тарыхый чындыкты көркөм чыгарманын мазмунунда чагылдырууну эңсөө колуна калем кармагандардын баарынын ой-тилеги болгону менен аны реалдуу шартта ишке ашыруу көпчүлүгүнүн колунан келе бербестигин мына ушул эгемендүүлүктөн кийинки «өткөөл мезгил» ачыкка чыгарды. Аталган мезгилде биз үчүн маанилүү бир топ маселелер – тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоодогу историзм принцибин колдонушу, чыгармадан орун алган эл массасынын орду, тарыхый инсан менен жөнөкөй адамдын образын түзүүдөгү жеке автордук чеберчилик, ойдон чыгаруунун өзгөчө көңүл бура турган көркөм каражатка айлануусу, ж. б. проблемалар илимий-теориялык жактан талдоонун зарылдыгын адабий коомчулуктун алдына койду. Кыргыз адабиятчылары К.Асаналиев, К.Артыкбаев, К.Даутов, А.Эркебаев, Ү.Казыбеков, А.Акматалиев, А.Мусаев, ж. б. адабиятчылар бул проблемага кайрылышып, мезгилдүү басма сөз аркылуу өз пикирлерин билдиришти. Алар бөлүп көргөзгөн проблемалар боюнча автор кандай изденүүлөргө барды, анын себеби эмне болду, ишке ашпай калган көрүнүштөр кайдан чыкты, тарыхый чындыкты көркөм чагылдырууда эмне себептен жазуучу мындай мүчүлүштүктөрдү четтете алган жок деген сыяктуу суроолорго жооп издешкен. Ар бир тарыхый чыгармага кайрылган окумуштуу анын жетишкен ийгилигин табууга, кыргыз адабиятына алып келген табылгасын көрсөтүүгө умтулушканы менен жаңы бийиктикти багындыра албай жатканын бирдей байкашкан. Проблеманын коюлушу, б. а. алардын аткарган иштерин кийинки урпактарга калтыруу кызыкчылыктары түрдүү жанрлардагы тарыхый

чыгармаларды жаратууга маанилүү жагдай түзгөндүгүн К.Асаналиев өзүнөн постсоветтик доорго арналган макалаларында туура белгилеп өткөн.

Жазуучулар кыргыз эли жашап өткөн тарыхый турмушту мезгилдик жана мейкиндик жагынан кеңири масштабда көрсөтүүгө багытталган бир катар иштерди аткарышты. Маселен, кыргыз эли басып өткөн тарыхый турмуштун элеси Ж.Субанбековдун «Барс-Бек кагандын көрөр көзү» (2002), К.Бакиевдин «Дарыялар жайыкта кошулушат» (2002), А.Оморовдун «Чыңгызхан» (2006), «Темирлан» (2010), К.Сактанов «Искендер Зулкайнарн» (2010), Т.Касымовдун «Тагай бий» (2011), А.Стамов «Хан Тейиш» (2012), А.Рыскулдун «Атакенин Акболоту» (2012) сыяктуу романдарда орун алды. Аталган романдарда кеп болгон өткөн доорлорго таандык окуялар бул чыгармаларга чейин эле көркөм чыгарманын объектисине айланып, тарыхый инсандардын бейнесин улуттук фольклордун түрдүү жанрларында өз алдынча түзүүгө жетишкен учурлары бар. Бирок эгемендүүлүктөн кийин же доор тогошкон мезгилден тарта жазылган тарыхый чыгармалар тарыхый чындыктыкты көркөм иниерпретациялоо багытында «Сынган кылыч» багындырган адабий-эстетикалык табылганы оозуп кете албагандыгын Г.Мурзахмедова жана Ү.Култаева өздөрүнүн докторлук диссертацияларында белгилешкен.

Адабиятчылардын көпчүлүгүнүн пикири боюнча тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоо багытында мындай кемчилдиктердин кетишине төмөнкүдөй кырдаалдар себеп болгону байкалат: 1) тарыхый темага кайрылган авторлор чыгарманы жаратууда анын адабий-эстетикалык баалуулугу үчүн күрөшпөстөн, кимдир бирөөнүн социалдык заказын аткаруу менен чектелгени; 2) тарыхый чыгарманын миссиясын жеткиликтүү түшүнбөгөндүктөн, жергиликтүү же уруулук кызыкчылыктан алыстай албаганы; 3) авторлор «өзүм билемдикти» жогору койгондуктан, каарманды ашыра сүрөттөө, окуяны апыртып жиберүү, тарыхый инсандын ошол доордо аткарган кызматынын чөлкөмдүк мүмкүнчүлүгүн эске албай ролун жогорулатуу, жалпы улуттук деңгээлдеги кызыкчылыкты таба алышпаганы; 4) бир мезгилде болуп өткөн тарыхый чындыктын азыркы мезгилдеги актуалдуулугун эсепке албагандыктан, чыгармада орун алган каармандар өздөрүнүн тарыхый ордун «таппай» калганы; 5) тарыхый инсандар менен доордук окуялардын көркөм элесин түзүүдө жазуучулук чеберчиликтин жетишсиздигинен улам мурда жарык көргөн «варианттарынан» айырмаланбаганы ж. б.

Мындай көрүнүш Ж.Токтоналиевдин «Хан Ормон» (2001), Э.Турсуновдун «Балбай» (2002), К.Качибековдун «Бүргө баатыр» (2003), Э.Турсуновдун «Боронбай» (2004), Р.Абдиевдин «Алай закымдары» (2005), Ж.Егембердиевдин «Канат хан» (2006), Ж.Токтоналивдин Баатыр Шабдан» (2006), Т.Касымовдун «Боронбай жана Төрөтай» (2006), Элүүбай Отунчу уулунун «Молдо Асан» (2008) романдарына мүнөздүү болуп саналат. Тарыхый темага кайрылган авторлордун көпчүлүгү өздөрүнүн чыгармаларын жаратууда эл ичинде сакталып калган маалыматтарды пайдаланууга, аңыз кептерди даректүү маалымат катары колдонууга аракет кылышканы менен анда берилген сюжеттик линиялардан алыстап кете алышпаган. К.Асаналиев өткөөл мезгилде болуп жаткан адабий

процесстеги өзгөрүүлөргө көз салып, анын өнүгүү, ошондой эле өзгөрүү багытын табууга умтулган. Тактап айтканда, адабиятчы орус жана Батыш адабият теориясында иштелип чыккан тигил же бул көз карашты жалпылыштыруудан улам пикирин билдирүүгө аракеттенген. К.Асаналиевдин мындай көз карашы А.Мусаев, Г.Мурзахмедова, Ү.Култаеванын докторлук изилдөөлөрүндө, Б.Темированын монографиялык эмгегинде, Д.Чокоева, Саадеттин Көчтүн кандидаттык изилдөөлөрүндө, А.Акматалиев, К.Артыкбаев, С.Байгаиев, С.Искендерова, Ү.Казыбеков, Ү.Култаева, ж. б. макалаларында өткөн доордон бери келе жаткан илимий-теориялык аныктамалар менен толукталып улантылган. Жыйынтыктай келсек, эгемендүүлүктөн кийин жаңыга умтулган романдын ийгиликтерин жазууда алгачкы башатына кайрылуу, тарыхый чыгарма жаратуудагы баштапкы тоскоолдуктардын жоюлушу, чындыкты көркөм интерпретациялоодогу историзм принцибин колдонушу ж.б. бир катар проблемалар тууралуу изилдөөлөрдө конструктивдүү пикирлер айтылып турду.

**Изилдөөнүн объектиси:** Эгемендүүлүктөн кийин кыргыз адабиятында пайда болгон тарыхый романдар, алардын көркөм тексттери.

**Изилдөөнүн предмети:** Кыргыз адабиятындагы эгемендүүлүктөн кийинки тарыхый романдарда тарыхый чындыктын көркөм интерпретацияланышы, автордук чеберчиликте иштелип чыккан көркөм чындыктын адабий-эстетикалык жактан аткарган кызматы, иштелген көркөм каражаттардын эстетикалык баалуулугу, нарк-насил, дөөлөт катары жетишкен ийгилиги жана өз максатына жетпей калган мүчүлүштүктөрү.

Тарыхый романдарды изилдөө үчүн төмөнкү негизги талдоочулук усулдарды айкалыштыруу методологиялык таяныч болуп саналат:

1) проблемалык-тематикалык (өткөөл мезгилдеги тарыхый романдардын проблематикасы менен тематикасын анын дүйнө таанымынын өзгөчөлүктөрү менен байланышта изилдөө);

2) генеалогиялык (тарыхый романдардын образдуулугунун, жазуучунун эстетикалык жана философиялык ой толгоолорунун башаттарын изилдөө);

3) тарыхый-адабий (тарыхый романдарды чыгармачылыгынын жана тарыхый процесстин контекстинде изилдөө).

Диссертациялык иштин 2-главасы «**Кыргыз романдарында тарыхый чындыктын көркөм интерпретациялоонун пайда болушу жана калыптанышы»** деген аталыш менен берилип, эки парграфтан турат. Анын 1-параграфы «**Кыргыз адабиятында тарыхый чындыкты роман жанрында көркөм интерпретациялоонун пайда болуусу жана калыптануусу**» деп аталып, кыргыз адабиятында тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоонун башаты тээ байыркы замандарда эле башталганын бул проблемага кайрылган адабиятчылар бир ооздон белгилешкени, турмуштук жана тарыхый чындыкты көркөм чагылдыруунун кыргыз элине мүнөздүү «спецификалык өзгөчөлүгү» бар экенин түрдүү вариантта айтышканы илимий-теориялык көз караштарга таянуу менен жалпылаштырылат. Роман жанрынын пайда болуу процесси XX кылымдын 30-жылдарда «Каныбек», «Узак жол» жана «Кең-Суу» романдарында түптөлгөн.

Өткөн доордо, авторитардык бийлик өкүм сүрүп турган маалда көркөм интерпретациялоонун табияты ага ылайыкташкан. Бирок кыргыз жергесинде профессионал адабияттын жанрлары пайда боло баштаган шартта көркөм чыгармачылыктын туундулары баштапкы (фольклорго мүнөздүү) белгилеринен ажыраган эмес. Алардын башында улуттук адабияттын өзү миңдеген кылымдар калыптандырган көркөм кабылдоонун эпикалык генезиси сакталган. Жаңы жазма адабияттын жанры романдан анын белгилерин толук кездештиребиз. Албетте, чындыкты көркөм чагылдыруу ошол бойдон, жазуучулар тарабынан турушунда кандай болсо ошондой колдонулбастан, жаңы белгилерге ээ боло баштаган. Жазуучулардын жанрды кабылдоо чеберчилиги менен өркүндөп, чыгармачылыктын изденүү этаптарында ал жаңыланып турган. Өткөн кылымдын 60-жылдарына чейин авторитардык саясат күчтүү болуп тургандыктан, адабий процессте тарыхый жана турмуштук чындыкты көркөм интерпретациялоонун ага көз карандылыгы бекем сакталган. Ошондуктан «Кең-Суу», «Кандуу жылдар» сыяктуу чыгармалар колдонуудан алынган.

Өзгөчө романдарды талдоо учурунда тарыхый чындыктын көркөмдөлүшүнө басым жасалып, анын кандай болушу адабиятчылар тарабынан каардуу (саясат аралашкан) полемикада такталган. Анда окурмандын коомдук-социалдык кызыкчылыктары, аны мамлекеттик тапшырмага ылайыктоо жазуучулардын роман жанрында тынымсыз изденүүсүн шарттады. Чыгармада көркөм чындык түзүү иштери бийлик тарабынан аныкталып, аткарууга жеңил көрүнгөнү менен тарых чындыкты жаңы заманга ылайыктап чагылдыруу өтө эле оор болгон. Мындай кырдаал тарыхый чындыкты көркөм чындыкка айландыруунун эки багыты бар экенин көргөздү. **Биринчи багыт** өткөн доордун элесин түзгөн «Тарых эстелиги», «Жылдызкан», «Телегей», «Өзгөргөн өрөөн» сыяктуу тарыхый романдарды берсе, **экинчи багыты** «Сынган кылыч», «Көчмөндөр кагылышы», «Кызыл жалын», «Көк асаба» сымал чыгармаларды окурмандарга тартууланды. Бул тарыхый чындыкты чагылдырууда советтик доордун жетишкендиктери менен кетирген мүчүлүштөрү кандай шартта кеткенин ачыкка чыгарат, б. а. көркөм интерпретациялоодо кыргыз элинин өткөн турмушун көркөм чагылдырууга аракеттенгендерди сынга алышкан ошол мезгилдеги адабий коомчулуктун айткан пикирлери азыр адабият таануу илиминде кадырын жоготкону андагы абалды толук көрсөтөт. Демек, тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоо байыркы элдик чыгармаларда өнүм алып, 30-жылдарда «Каныбек», «Узак жол» жана «Кең-Суу» романдарында түптөнүп, совет мезгилинде эки багытта: тарыхый чындыкты жазуу же мезгил-шартка ылайыктап, советтик доордун ийгилик, кемчиликтерин көрсөтүп жазууга багыт алган.

Бул главанын 2-параграфы «**Эгемендүүлүктөн кийин тарыхый чындыкты интерпретациялоонун эволюциясы**» деп аталат. Өткөн тарыхый доорлорду таанып-билүүдө тарыхый принцип менен мамиле кылуу, андагы болуп өткөн реалдуу турмушту ошол доорго таандык коомдук-саясий, социалдык-экономикалык кызыкчылыктар менен айкалыштыра кароо түшүнүгү бул жылдары кыргыз интеллигенциясында жетилип калган. Алардын *биринчиси* – кыргыз элинде эркин ойлоого мүмкүнчүлүк берген көп түрдүү көз караштын

болушу, б. а. окурмандардын бирдиктүү аракетине ээ болгон окурмандык эстетикалык табиттин өсүшү себеп болгон. *Экинчиси* - мына бул чейрек кылымдан ашык мезгилди ичине алган адабий түшүнүктөрдүн жаңыча калыптануусу, ага чейин болуп келген айрым көз караштардын мазмундук жактан «эскириши», адабий-эстетикалык жактан калыптанган улуттук түшүнүктөрдүн кайрадан жандануусу эл ичинде унутулбай сакталып келген тарыхый даректерге өз тарабынан мамиле кылууга шарт түздү. *Үчүнчүсү* – «тарыхый чыгарма» жаратуу үчүн кыргыз жазуучуларында адабий коомчулукта калыптанып калган салттарды колдонуу аракети бирдей болгону менен конкреттүү факты-материалдарды көркөм чыгарманын мазмунуна жайгаштырууда алардын көз караштары, чындыкты көркөм кабылдоого карата болгон ойлору бири-биринен айырмаланып чыга келди. Алардын **биринчилери** - тарыхый чындыкты көркөм кабылдоону адабий-эстетикалык жактан жаңылоого аракет кылгандар – роман жанры аркылуу кыргыз эли санжырада калыптандырган тарыхый даректүү баянды кайрадан «жаңылоого» киришти. Мындай тарыхый романдарга К.Качибековдун «Бүргө баатыр» Т.Касымовдун «Боронбай жана Төрөтай», «Тагай бий», К.Иманалиевдин «Шабдан баатыр», А.Рыскуловдун «Атакенин Акболот», А.Стамовдун "Хан Тейиш", Ж.Токтоналиевдун "Ормон хан", Э.Турсуновдун "Балбай", "Боронбай", ж. б. кошууга болот. Булардын баарына мүнөздүү көрүнүш - тарыхый чындыкты көркөм кабылдоонун калыптанган салттарынан бошоно албаса да, аталган романдар оозеки айтылып жүргөн санжырадагы сюжеттен айырмалануучу тарыхый романга мүнөздүү белгилерде изденүүлөр байкалат.

Кыргыз элинин тарыхый татаал жолунда бир нече улуттар менен алака-катыш түзүп, доордун өзгөрүүсүнө өз салымын кошуп, кээ бир учурларда ага активдүү катышып алдыңкы сапка чыккан болсо, айрым жагдайда андай жаңылануулларга таасирленүү менен тиричилигине жаңы мазмун киргизгенин билебиз. Эгемендүүлүктүн алгачкы күндөрүнөн тарта кыргыздын өткөн кылымдардагы орун белгилеп өтүүгө бел байлаган **экинчи** багытты романдар жаралды. Буга А.Оморовдун «Чыңгызхан», «Темирлан», К.Сактановдун «Искендер Зулкайнарн» (Александр Македонский), К.Сыдыгалиевдин «Мухаммед пайгамбардын өмүр жолу» ж. б. романдарды кошууга болот. Маселе ушул сыяктуу чыгармалардын жаралуусунда эмес, анын кыргыз адабиятында эгемендүүлүктөн кийин пайда болушунда турат. Анткени аталган чыгармалардын идеялык мазмунун түзгөн тарыхый инсандар жана окуялар азыркы кыргыз эли үчүнб. романдарды кошууга болот. Маселе ушул сыяктуу чыгармалардын жаралуусунда эмес, анын кыргыз адабиятында п, дүйнө элдерине белгилүү болгон тарыхый окуяга кыргыз жазуучулары кандай кызыкчылык менен кайрылганы кызыгууну пайда кылбай койбойт. Бул багытта жарык көргөн чыгармалар даяр сюжетти «иштеп чыгуу» аркылуу окурманга тартууланып жаткан соң анын алдына койгон максаты өзүнчө экени талашсыз. Бирок автор тарыхый чындыкты адабий чыгармага колдонууда окурманды ынандыруучу көркөм чындыктан алыстап, идеялык мазмунду идеализацияланганы ачык байкалышы К.Асаналиев, Б.Шамшиев, Ү.Култаева ж. б. адабиятчыларды иренжиткен кырдаалды түзгөн.

Мындай кенемтелер кечээ эле болуп өткөн турмушту көркөм баяндап, андан бүгүнкү күн үчүн маанилүү болгон тарыхый кырдаалдын жүзүн ачып берүү камылгасын көргөн көлөмдүү чыгармаларга да тиешелүү болуп саналат. Маселен адабий коомчулукка тарыхый роман катары белгилүү болгон Р.Абдиевдин «Алай закымдары», Т.Актандын «Тыныбек. Актан, Табылды», А.Алиевдин «Шамы жаркыраган Майлысуу», Б.Алыкуловдун «Өмүрү өрнөк инсан», Б.Боркеевдин «Рыспай», Т.Касымовдун «Адам жана адам тагдырлары», А.Мырзакеевдин «Раззаков», Э.Отунчу уулунун «Молдо Асан, К.Сактановдун «Өмүр отун кечкендер», Ж.Токтоналиевдин «Абийир өлүмдөн бийик», ж. б. ушул сыяктуу көлөмдүү чыгармалар мисал болуп берет. Чыгарманы жазган автордун өзү "тарыхый чыгарма" деп атаганы менен бул чыгармалардын жанрдык табияты кыргыз адабиятында калыптанган жанрдын аныктамасына толук жооп бербейт. Ырас, бул чыгармалар тарыхый чындыкты интерпретациялоо жагынан даректүү маалыматтардан алыстап кетпей, документтерди жыш колдонуу, кепке тартылып жаткан тарыхый инсандын айланасынан чыкпай калган учурлары арбын. Ойлорду жалпылаштырганда, эгемендүүлүктөн кийин тарыхый чындыкты чагылдырууда өткөн тарыхый доордон сабак алуу менен адабий-эстетикалык жактан калыптанган улуттук түшүнүктөрдүн кайрадан жандануусуна аракеттер жүрүп, тарыхый даректүү баяндар, кыргыздын өткөн кылымдардагы орун белгилеп өтүүгө бел байлаган романдар жаралганын белгилөөгө болот.

Иштин 3-главасы «**Өткөөл мезгилден кийинки кыргыз романдарында тарыхый чындыктын көркөм интерпретацияланышы**» деп аталат. Анын 1-параграфы «**Азыркы кыргыз романдарында тарыхый чындыкты берүү чеберчилиги – тарыхый романдардын жанрдык өзгөчөлүктөрү**» деген аталышта орун алып, анда өткөөл мезгилден кийин тарыхый чындыкты көркөм чыгармага жайгаштыруу XX кылымдын 20-80-жылдарына салыштырмалуу бир кыйла татаалдашканы, ким эмнени кааласа ошону жаза берүүгө карата берилген «эркиндик» түзгөнү адабий чыгармага болгон талапты ошончолук оорлоштурганы б. а. кыргыз адабиятында эгемендүүлүктөн кийин пайда болгон ар бир тарыхый роман алып келген чыгармачыл изденүүгө, анын азыркы адабий процесс жана адабият таануу илими үчүн баалуулуктары канчалык экендигине байланыштырылып каралды.

Эгемендүүлүк кыргыз жазуучуларына болуп көрбөгөндөй чыгармачылык эркиндик бергени менен көп түрдүү ойлоо табиятына ээ болгон окурмандарга таасирдүү чыгарма сунуштоо жагы кыйынга турду. Ар бир автордун интерпретациялоо чеберчилиги түрдүү болуп, майда деталдар менен коштолсо да, ал чыгарманын көркөм-эстетикалык табиятына өзүнүн ар кыл оттенкаларын калтырды.

Бирок эгемендүүлүктөн кийин кыргыз адабиятында тарыхый доорго белгилүү бир тарыхый инсан аркылуу кароо, доордун тарыхтагы ордун дал ошол тарыхый личносттун жеке, коомдук-саясий аракетине, пендечилик турмушуна байланыштырып ачып көрсөтүү тенденциясы күч алды. Маселен, Александр Македонскийдин доорунда кыргыз эли жашаганын далилдөөгө аракет кылганын (К.Сактанов) роман-диалогия, орто кылымдагы Чыңгызхан бийликке келгенде да

кыргыздар коомдук-саясий активдүү аракетте турганын (А.Оморов) роман-триология аркылуу көрсөтүүгө умтулушу авторлор тарабынан изденүү бар экенин билдирет. Мындай аракеттер андан кийинки калмак доорунун тарыхый элесин роман жанрында түзүүгө багыт алган А.Стамов «Хан Тейишинде», К.Качибековдун «Бүргө баатырында», А.Рыскуловдун «Атакенин Акболотунда» да сакталган.

Кокон хандыгы жана анын калыптануу процессине кайрылган Э.Турганбаев «Чыгыш жана чоң бийлер баяны» аттуу көлөмдүү чыгармасында тарыхты көркөм интерпретациялоого башка өңүттөн мамиле кылат. Ошондой эле кыргыз элинин XVIII жана XIX кылымдагы коомдук-саясий турмушуна көңүл буруу Т.Касымовдун «Боронбай жана Төрөтай», К.Иманалиевдин «Шабдан батыр», Э.Отунчу уулунун «Молдо Асан», Ж.Токтоналиев «Хан Ормон», Э.Турсунов «Балбай» жана «Боронбай» романдарынын негизги объектисин түзөт. Ал замандын маданий табылгаларын кантип түптөлгөнүн элестетип түшүнүүгө багыт берген Э.Отунчу уулунун «Жеңижок», Т.Актановдун «Тыныбек, Актан, Табылды» сыяктуу көлөмдүү чыгармаларын кошууга болот. Бул чыгармалар роман жанрында кыргыз элинин тарыхый баскан жолунун ачылбай калган жактарын көркөм элестүүлүк менен ачып берүүгө аракеттенишип, ар бири кыргыз адабиятында маанилүү орунда турган көркөм чагылдырууда кыргыз адабиятында калыптанган **тарыхый-биографиялык романдын** табиятында изденгени байкалат.

Окурмандарга сунушталган романдар жалпысынан баары тең «тарыхый» деп аталганы менен көркөм-эстетикалык наркы автордук симпатиянын чегинен чыга албаган. Ал жанрдын ички элементтеринин колдонуу чеберчилигинин жетишсиздигин көрсөтүп, чыгарманын роман экенине шек жаратат. Мисалы, А.Оморовдун «Чыңгызхан», «Темирлан» жана «Осмон империясы жана бүгүнкү Түркия» деген чыгармалары маанилик жактан бирин-бири толуктап турган үчилтикти берип турса да, аларда сюжеттик курамдын жоктугу чыгарманын роман-трилогия эместигин далилдейт. Тарыхый окуяларды жайгаштыруу аракетине, өзгөчө көркөмдөөнүн ички кудуретине жараша жогоруда аталган чыгармалардан А.Алиевдин «Шамы жаркыраган Майлысуусу» тарыхый очеркке, К.Бердикеевдин «Тагдыр тамчылары» тарыхый хроникага, К.Качибековдун «Бүргө баатыры» кадимки санжыра кепке жакындашат.

Жогоруда аталган чыгармалардан А.Стамовдун “Хан Тейиши”, А.Рыскуловдун “Атакенин Акболоту” тарыхта белгилүү инсандардын көркөм образын түзүүдө тарыхый романдын жанрдык чегин аныктап туруучу тарыхый доордун элесин чыгарманы кыймылга келтирип турган башкы каармандын «жашоосуна» сиңире алган.

Тарыхый чыгарма жаратууда көркөм интерпретациянын милдети тарыхый чыгарманын негизги компоненттери – өзөктүү окуялардан келип чыккан *проблематиканы*; тарыхый образдын милдетин аткаруучу *каармандарды*; кадимки болмуш менен *тарыхый окуянын ролун*; романдык *татаал композициялык түзүлүшү;* бирин-бири толуктап турган *бир нече линиялык өнүгүүгө ээ болгон сюжеттик* аракетти; ж. б. совет дооруна салыштырмалуу

жаңылай алган. Демек, автор тандап алган тарыхый окуялар мамлекет менен элдин тагдырын, ага тикелей катышта турган *жеке тагдыр менен коомдук-социалдык кызыкчылыктардын ортосунда болгон карама-каршылыкты* - доордун жүзүн ачып берүүчү *конфликттерди* жазуучулук илимий ой жүгүртүүсүнөн өткөрүп, аны историзм принцибинде көркөмдөп айтууга жетишкен. Маселен, А.Стамов «Хан-Тейиште» көркөм интерпретациялоону тарыхчылардын изилдөөлөрүндө камтылган маалыматтар менен айкалыштырып баалоого жетишсе, А.Рыскулов «Атакенин Акболотунда» аны улуттук санжыранын идеялык мазмунунда топтолгон тарыхый чындыкты азыркы учурдун талабы менен байланыштырууга басым жасайт.

Автордук көркөм интерпретацияда сюжет идеялык мазмузга карай ырааттуу өнүкпөй, чыгармадагы өзөк идея окурманга жеткиликтүү кармалбай, идеялык-эстетикалык багытта чаржайыттуулук кеңири кулач жайып, окурманды жадатып жиберүүчү кырдаалга алып келген учурлар да бар. Ага мисалды К.Качибековдун "Бүргө баатырынан", Ж.Токтоналиевдин "Ормон ханынан", Э.Турсуновдун "Балбай" жана "Боронбайынан" келтирүүгө болот. Берилген эпизоддун эстетикалык кудуретине аталган романдардын авторлору маани бербегендиктен, чыгармада көп сөздүүлүк (ашыкча көлөм) орун алып, сюжеттик эпизоддордо ошол тарыхка мүнөздүү көркөм деталдар жетишсиз болгону байкалат. Тарыхый чыгарма жаратууда кеткен мындай кемчилдиктер бир гана сюжеттик түзүлүшкө доо келтирбестен, автор тарабынан сунушталган жанрдык аныктаманын мазмунга дал келбестигин көрсөтөт. Буга Э.Отунчиевдин "Молдо Асан", "Жеңижок", Ж.Токтоналиевдин "Баатыр Шабдан" жана Ж.Егембердиевдин "Канат хан" чыгармалары мисал болуп берет. Жыйынтыктап айтканда, XX кылымдын 90-жылдарынан XXI кылымдын 15-жылдарына чейин кыргыз адабиятында пайда болгон мындай көрүнүштүн өзү тарыхта болгон окуяны көркөм чагылдыруу багытында сандык өсүштөн сапаттык жаңыланууга өтүү керектигин ачыктайт. Демек, азыркы учурдагы тарыхый романдардын жанрдык өзгөчөлүктөрү (роман-диалогия, роман трилогия, бир адамдын өмүр жолу менен тарыхый чындыкты көрсөткөн тарыхый-биографиялык ж.б.) өтө ар түрдүү экенин байкоого болот.

3-главанын 2-параграфы «**Эгемендүүлүктөн кийин тарыхый романдарда автордук көркөм ойлоо чеберчилигин өнүгүшү**» деп аталып, анда реалдуу көркөм ойлоодон тышкары мифтик, диний, мистикалык, ж. б. дүйнө кабылдоону адабий чыгармачылыкка колдонуусун көрөбүз. Буга К.Сыдыгалиевдин «Мухаммед пайгамбардын өмүр жолу» чыгармасын кошсо болот. Көркөм ойлоого жетекчилик кылган мындай дүйнө тааным, өзгөчө дүйнө кабылдоо касиети аркылуу эгемендүүлүктөн кийинки тарыхый романдарда тема тандоо үчүн гана маанилүү роль ойнобостон, көркөм образ түзүүдө да өзүнүн таасирин тийгизгенин көрөбүз. Буга Э. Отунчиевдин "Молдо Асаны" менен "Жеңижок" үчилтиги мисал болуп берет. Көркөм интерпретациялоонун ролу элге белгилүү деталдар аркылуу "жоголуп кеткен" доорун *жандуу картинасын түзүү* – ал кырдаалдарда кыргыз кантип күн кечиргенин, пендечиликте эмнени баалап, кайсы сапаттарга артыкчылык бергенин, жек көргөн кемчилдигин, ынтазар албаган касиетин, октой атылган эмоциясы менен түрдүү шартта маңызы ачылган этнопсихологиясын

чагылдыруудагы чеберчиликти талап кылса, тарыхый мазмунду чагылдыруу *тарыхый маалыматтарды* же улама сөздө, санжырада берилген окуяларды *чыгармага дамамат киргизе берүү* кызматына айланганы, тарыхый инсандын образын түзүүдө *көркөм интерпретациялоонун жетишсиздиги*, улама сөздөрдөн айырмалоочу "тарыхый романга" таандык *ошол доордун жүзүн ача турган ойдон чыгарылган типтүү образдын тыкыр иштелбегендиги* мисалдар менен көрсөтүлөт.

Соңку тарыхый романдарда өтө терең автордук көркөм интерпретацияны талап кылган касиеттердин бири – *каармандын жеке индивидуалдуу мүнөзүн* түзүү. Каармандарды бири-биринен айырмалоо, б. а. образдын доорго таандык менталдык (сезимдик) штрихтерин табуу, өзүнө гана таандык белгилери менен ачып көрсөтүү, ошол эле мезгилде анын негизинде чыгарманын жанрдык өзгөчөлүгүн аныктоочу критерийлерди сюжетке жайгаштыруу роман жанры үчүн татаал маселе болуп саналат. Мына ушул проблемага байланыштырып кыргыз адабиятчылары бир эле көркөм чыгармага бир нече аныктама беришип, ар бири өз көз карашын аныктоо үчүн чыгармадагы түркүн ал-абалды жекече түшүндүрүп келет. Маселен, С.Станалиевдин чыгармада Касым Тыныстановдун түрдүү психологиялык ал-абалын кеңири сүрөттөгөндүгүнө таянып өз мезгилинде К.Асаналиев чыгарманы «психологиялык роман» десе, А.Акматалиев «тарыхый-биографиялык» экендигин далилдөөгө аракеттенгендиги буга мисал боло алат. Мүнөз психологиялык кырдаалда ачылгандыктан, жазуучулар тарыхый шартта романга катышкан каармандардын өз ара мамилесинен улам инсандын ички жан дүйнөсүнүн өзгөрүүсү мүмкүндүгүн түзбөй, көпчүлүк учурда коомчулукта пайда болгон симпатияга таасирленип, образга "боор тартуу" сезимине башкарылып кеткени арбын. Мындай көрүнүш эл баатырларын, уруу башчыларын, аймак жетекчилерин, тигил же бул чөлкөмдүн кызыкчылыгын коргогон тарыхый инсандардын көркөм образдарын түзүүгө аракет кылышкан Ж.Токтоналиев «Хан Ормон», Э.Турсуновдун "Балбай", "Боронбай", Э.Отунчуевдин "Молдо Асан", Ж.Токтоналиевдин "Баатыр Шабдан", Ж.Егембердиевдин "Канат хан" романдарында жыш кездешет. Көтөрүлгөн проблемага историзм принцибинен мамиле кылуу жетишсиз болгондуктан, жазуучулардын бул багытта изденүүлөрү төмөн экендигин көрсөтөт. Анын себебинен эгемендүүлүктөн кийин кыргыз адабиятында пайда болгон тарыхый романдар эл башынан кечирген бир нече доорду сүрөттөгөн шартта анда катышкан каармандардын ошол заманга таандык ой жүгүртүүсүн түзө албагандыгын ачыктайт. Ар бир доордун, ал доорду ичине алган формациянын ар биринин өзүнө таандык менталдык түшүнүктөрү болушу мыйзамченемдүү. Ал эки адамдын келишпестигине себеп болгон кырдаалдарда көрүнсө да, бири-бирин жеңүүгө умтулган «кайнаса каны кошулбаган» кармашта ачылуучу *менталдык-эмотивдүү сезимдерди* доорго таандык касиетте сүрөттөө аракеттери тарыхый-биографиялык (даректик-документалдык) роман катары таанылган Б.Боркеев «Рыспай», А.Мырзакеев «Раззаков», А.Оморовдун «Чыңгызхан», «Темирлан», К.Качкыналиевдин «Мухаммед пайгамбардын өмүр жолу», сыяктуу чыгармаларда солгун.

Тарыхый чыгарманын көркөм-эстетикалык кудуретин көтөрүүдө **тил каражаттарынын мааниси зор**. Автордун сөз менен иштөө проблемасы да тарыхый доордун элесин алып жүргөн деталдарды түзүүдө негизги кызматты аткарат. Сюжеттик окуяларда тил каражаттарын өз алдынча интерпретациялоого умтулгандык Акбар Рыскуловдун «Атакенин Акболоту» романында байкалат, б. а. «Алмагайып», «Атакенин Акболот», «Элчилер» деген үч китептен турган сюжеттин баарына терең жайгаштырылат. Жыйынтыктап айтканда, эгемендүүлүктөн кийин жазуучунун жеке концепциясын түзүү чеберчилигине ээ болуу “романдашкан” мазмунда дагы изденүүгө муктаждыгы төмөнкүдөй жагдайлар менен түшүндүрүлөт: а) кыргыз адабиятында тарыхый роман жанрынын буга чейинки жетишкендиктерин өздөштүрүү аркылуу; б) тарыхый теманын профессионалдык адабиятта орун алуусуна себеп болгон жагдайларды жеке автордук көркөм ойлоодо таанып-билүү; в) тарыхый чындыкты көркөм жалпылоонун жазуучунун жеке чыгармачылыгында баа берүүгө жетишүү; г) тарыхый роман жанрынын проблематикасын аныктоодо, сюжет куруудa, образ түзүүдө, адабий-эстетикалык баалуулуктарды аныктоодо улуттук тарых сактап калган тарыхый инсандарга илимий-теориялык планда баа берүү зарылдыгын ачыкка чыгарды.

Демек, эгемендүүлүктөн кийинки тарыхый романдарда реалдуу көркөм ойлоо менен бирге диний, мистикалык, мифтик мүнөздөгү тарыхый чыгармалар жаралып, ал тема тандоодо гана көрүнбөстөн көркөм образ түзүүдө, каармандын жеке индивидуалдуу мүнөзүн, менталдык-эмотивдүү сезимдердин доорго таандык касиеттерин ачыктоодо, тил каражаттарын колдонууда ачык байкалары аныкталды.

## КОРУТУНДУ

Иштин **корутундусунда** төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылды:

1. Кыргыз адабият таануу илиминде негизги адабий түшүнүктөр менен илимий-теориялык аныктамалар орус жана Батыш адабият таануу илимине ыктап, көркөм-адабий туундуларды изилдеп баа берүүдө практика менен теориянын ортосунда кескин айырмачылык бар экенин байкадык. Бул ойлордун тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоого, өзгөчө көркөм аңдаштыруу менен аны чыгармачылыкта колдоно билүүнүн ортосундагы байланышты түзүүгө, кыргыз эли калыптандырган чындыкты көркөм кабылдоо менен азыркы окурмандын эстетикалык табитин байланыштырууда адабий изилдөөлөрдүн ролун күчөтүүгө ролу бар экени аныкталды;
2. Жазуучу тарабынан колдонулган тарыхый жана турмуштук чындыкты көркөм интерпретациялоонун бийиктигин окурман журт канчалык көп окуганына, чыгарманын элге алымдуулугуна, эмне себептен окурмандар талашып окуп жатканына карап баа берүү кырдаалы бизге да келип жеткенин эсепке алуу керектигин көрсөттү. Коом өзгөрдү, аны менен бирге окурмандык табит да өзгөрдү. Ал эми окурмандын көркөм чыгармага болгон табити азыркы коомдун адабий-эстетикалык талаптарын толугу

менен ичине камтыгандыктан, чыгарманын окурман чөйрөдө канчалык кабыл алынышы менен ар бир адабиятчы эсептешүүгө тийиш. Чыгармадан көркөм интерпретациялоонун ордун аныктоодо бул критерий маанилүү орунду ээлегендиктен, талдоого алынуучу ар бир проблемага ушул өңүттөн мамиле кылуу зарыл;

3. Тарыхый чындык тарыхый мазмунга ээ болгон бардык чыгармалар үчүн канчалык маанилүү орунду ээлесе, анын көркөм чыгармада жашап калуусуна автордук көркөм интерпретациялоо ошончолук маани-маңызга ээ. Ага улуттук көз караш аркылуу мамиле кылуу зарылдыгы азыркы адабият таануу үчүн башкы орунда турат. Өз кезегинде мындай көрүнүш улуттук көркөм аңдаштыруу менен аны интерпретациялоонун ролун тарыхый романдын жанр катары өнүгүүсүндө кароого объективдүү мыйзамченем катары кызмат кылаары байкалды;
4. Кыргыз элинде тарыхый чындыкты көркөм интепретациялоо иштери тээ байыркы мезгилдерден бери карай калыптана баштаганын көрдүк. Кыргыз фольклорунда тарыхый чындыкты интерпретациялоо иштери бир гана реалдуу турмуштук чыгармаларга мүнөздүү болбостон, мифологиялык чыгармалардын да өзөгүн түзгөнүн кездештирдик. «Манас» эпосу баш болгон эпикалык чыгармалардын мазмунуна таянсак, көркөм интерпрециялоо тарыхый чындыкты чагылдырууда бирдей милдет аткарып, бир кылка көркөм-эстетикалык сапатка ээ боло бербегендиги аныкталды;
5. Совет мезгилинде кыргыз элинин өткөн турмушуна кайрылган авторлордун бардыгына тапчыл көз караш менен кароого милдеттендирилсе да, баяндалып жаткан сюжетке автордук көркөм интерпретациясын чебер колдонгон «Сынган кылыч» (Т.Касымбеков), «Көчмөндөр кагылышы» (К.Осмоналиев), «Көк асаба» (Т.Сыдыкбеков), ж. б. тарыхый романдар жаралган. Эгемендүүлүктөн кийин жарыкка чыккан чыгармалар ал салттарды улап, басып өткөн тарыхый доорлорду, анда жашап өткөн инсандардын көркөм образдарын түзүүгө киришкен;
6. Өткөөл мезгилден кийин адабий процессте коомдук-социалдык керектөө болгон мындай кызыкчылык кыргыз эли басып өтүп, бирок даректүү маалыматтар жетишсиз болгон доорлордун жандуу элесин көркөм чыгарма аркылуу окурманга жеткирүүгө багыт алган. Эгемендүүлүктөн кийинки тарыхый романдын көпчүлүгү өзү баяндап жаткан мезгилдин элесин түзүүдө буга артыкчылык бергени анык. Башкы планга алып чыккан *тарыхый инсанды да ашыкча шөкөттөө, анын эмгегин артыкча баалоо, анча ийгилик бербестигин* талдоого алган чыгармалар көрсөтө алды.

Буга кошуча өткөөл мезгилден кийин тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоодо автордук көркөм ойлоо жанрды аныктоого толук мүмкүнчүлүгү бар критерий экендиги аныкталды. Аны төмөнкү кырдаалдар көрсөттү: а) тарыхый роман өзүнчө жанр катары улуттук адабиятта татаал процессти башынан кечирип, автордук көркөм интерпретация түрдүү багыттар боюнча изденип жатат, б. а. доорлордун элесин түзүүгө бел байлаганы аркылуу айырмаланат; б) эгемендүүлүктөн кийин улуттук

тарыхты калыбына келтирүү кызыкчылыгы жазуучуларга архивдик материалдарды пайдаланып, өзүнүн көркөм интерпретациясында тарыхый роман жанрын түрдүү багыттар (реалисттик, романтикалык, мифологиялык, ж. б.) изденишүүдө, б. а. көркөм интерпретациялоо демократиялык ой жүгүртүүнүн шартында көркөм аңдаштыруунун көп кырдуу табиятына өтө баштагандыгын түшүндүрөт; в) автордук көркөм интерпретация тарыхый роман жанрынын кыргыз адабиятына мүнөздүү табиятын «таап», аны азыркы мезгилдеги проблемалар менен айкалыштырганы баалуу көрүнүштөрдөн болуп саналат.

Эгемендүүлүктөн кийинки автордук көркөм интерпретация тарыхый роман жанрынын негизинде доордун саясий көрүнүшүн көрсөтүүгө багыт алып, ошол доорго таандык кыргыздын улуттук жүзүн кадимки социалдык-турмуштук көрүнүштөр менен берүүгө, саясий элита катары көрүнгөн уруу башчылары менен бирге карапайым элдин турмушунун көркөм элесин түзүүгө аракет кылып, роман жанрынын бардык түрүндө доордун тарыхый мүнөзү канчалык болушу мүмкүндүгүн ачууга умтулган. Автордук көркөм интерпретация калемгердин профессионалдык тажрыйбасына көз каранды болуп, мезгил менен мейкиндиктин өз ара катышын аныктоодо – доор менен жеке адамдын образын түзүүдө, ошол заманга тиешелүү адамдын жеке пендечилик сапаттарын көрсөтүүдө, ойлоо мүмкүнчүлүктөрүн историзм принциби менен ачып берүүдө, жеке инсандын доордун алмашуусуна себеп болгон түрдүү аракеттерин роман жанрында чагылдырууда ачылса, мындай табылгаларга ээ тарыхый романдар аздыгын көрдүк. Анын себеби инсандын жеке сапаттарынын тарыхый белгилерин окурманга жеткирүүдө, анын бүгүнкү күн үчүн баалуу жактары кайсы экендигин сюжеттик окуялар аркылуу көрсөтүүдө экенин байкадык.

**Диссертациялык изилдөөнүн мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:**


1. **Эшмамбетова, Н.М.** Эрнист Турсуновдун романдарын изилдөө маселесине таандык методологиялык принциптер [Текст] / Н.М. Эшмамбетова // БГУ Жарчысы. - №3(26). – 2013. – 234-237-б. https://www.elibrary.ru/download/elibrary_44881956_87637307.pdf
2. **Эшмамбетова, Н.М.** Эрнист Турсуновдун романдарын кыргыз романдарынын контекстинде анализдөө зарылдыгы [Текст] / Н.М. Эшмамбетова // БГУ Жарчысы. - №1(27). – 2014. – 233-236-б. https://www.elibrary.ru/download/elibrary_44765802_42589242.pdf
3. **Эшмамбетова, Н.М.** Кыргыз романдарында тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоонун эволюциясы [Текст] / Н.М. Эшмамбетова // Материалы 3 традиционной научно-практической интернет-конференции «Актуальные проблемы профессионального обучения в условиях новой формации» Туркестан. - №1(27). – Москва. – 2015. – 478-483-б.
4. **Эшмамбетова, Н.М.** Кыргыз романында тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоону эгемендүүлүктөн кийин изилдөөнүн методологиялык принциптери [Текст] / Н.М.Эшмамбетова // Кыргыз тили жана адабияты. - №29. – 2016. – 92-94-б.
5. **Эшмамбетова, Н.М.** Кыргыз романында тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоо проблемасынын совет доорунда жана эгемендүүлүктөн кийин изилдениш абалы [Текст] / Н.М.Эшмамбетова // БГУ Жарчысы. - №3-4(27). – 2016. – 151-154-б. https://www.elibrary.ru/download/elibrary_44731218_38879983.pdf
6. **Эшмамбетова, Н.М.** Исследование исторических романов в кыргызском литературоведении после обретения Кыргызстаном независимости [Текст] / Н.М. Эшмамбетова // Научная дискуссия: Вопросы филологии, искусствоведения и культурологии: Сб. ст. по матералам VI Международной научно-практической конференции "Научная дискуссия: вопросы филологии, искусствоведения и культурологии". - №1 (52). – 2017. – С. 56-62. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=28117390
7. **Эшмамбетова, Н.М.** Кыргыз романдарында тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоонун калыптануу жолдору [Текст] / Н.М.Эшмамбетова // БГУ Жарчысы. - №4(46). – 2018. – 133-136-б. https://www.elibrary.ru/download/elibrary_44731218_49917123.pdf
8. **Эшмамбетова, Н.М.** Тарыхый романдарда улуттук тарыхтын ордун аныктоодо көркөм интерпретациялоонун ролу [Текст] / Н.М. Эшмамбетова // БГУ Жарчысы. - №4(46). – 2018. – 140-143 б. https://www.elibrary.ru/download/elibrary_44612618_23788888.pdf
9. **Эшмамбетова, Н.М.** Т.Сыдыкбековдун «Көк асаба» романында тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоонун ролу [Текст] / Н.М.Эшмамбетова // Известия ВУЗов Кыргызстана. - №11. – 2018. – 157-161-б. https://www.elibrary.ru/download/elibrary_45652224_17048776.pdf

10. **Эшмамбетова, Н.М.** Тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоо жана аны изилдөөнүн айрым маселелери [Текст] / Н.М.Эшмамбетова // Известия ВУЗов Кыргызстана. - №11. – 2018. – 162-165-б. https://www.elibrary.ru/download/elibrary_45652224_17048776.pdf
11. **Эшмамбетова, Н.М.** Кыргыз романдарында тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоонун алгачкы саамалыктары [Текст] / Н.М.Эшмамбетова // Известия ВУЗов Кыргызстана. - №12. – 2019. – 177-181-б. https://www.elibrary.ru/download/elibrary_45652224_17048776.pdf
12. **Эшмамбетова, Н.М.** А.Стамовдун «Хан Тейиш» романында калмак доорунун көркөм интерпретацияланышы [Текст] / Н.М. Эшмамбетова // Известия ВУЗов Кыргызстана. - №12. – 2019. – 182-186. https://www.elibrary.ru/download/elibrary_45652225_32429635.pdf
13. **Эшмамбетова, Н.М.** Концептуальные взгляды в кыргызском литературоведении к художественной интерпретации исторической реальности и определению ее роли [Текст] / Н.М.Эшмамбетова // Вопросы гуманитарных наук. - №5(110) – 2020. – с.24-28. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44148143
14. Эшмамбетова Н.М. Поиски художественной интерпретации исторической эпохи в романах переходного времени [Текст] / Н.М.Эшмамбетова // Вопросы гуманитарных наук. - №5(110). – 2020. – с. 29-33. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44148144

**Эшмамбетова Нурайым Мукамбетовна «Өткөөл мезгилден кийинки кыргыз романдарында тарыхый чындыктын көркөм интерпретацияланышы» деген темадагы 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин**

## РЕЗЮМЕСИ


**Өзөктүү сөздөр:** автордук изденүү, жазуучулук чеберчилик, жанр, жанрдык классификация, историзм принциптери, историзм, композиция, көркөм интерпретация, көркөм кабылдоо, көркөм образ, мотив, поэтика, роман, сюжет, тарыхый роман, тип жана типтүүлүк.

**Изилдөөнүн предмети.** Өткөөл мезгилден кийинки кыргыз романдарында тарыхый чындыктын көркөм интерпретацияланышы боюнча изденүүлөр.

**Изилдөөнүн объектиси.** Эгемендүүлүктөн кийинки кыргыз адабиятындагы тарыхый романдар.

**Изилдөөнүн максаты.** Эгемендүүлүктөн кийинки тарыхый романдарда тарых менен коомдук турмуштун байланышын көрсөтүү, тарыхый чындыкты көркөм чындыкка айландыруудагы авторук чеберчиликти белгилөө, роман жанрындагы көркөм интерпретациялоонун пайда болуу, калыптануу жана өткөөл мезгилден кийинки тарыхый өнүгүш эволюциясын анализдөө.

**Изилдөө методдору:** Кыргыз романдарын изилдөөдө тарыхый-обзордук, илимий аналитикалык, адабий-теориялык, салыштырма-тарыхый, типологиялык жана жанрдын эволюциясына диахрондук жана синхрондук мамиле кылуу ыкмалары колдонулду.

**Изилдөөнүн натыйжалары жана илимий жаңычылдыгы**: Эгемендүүлүктөн кийинки романдар автордук көркөм интерпретациялоонун чегинде биринчи жолу комплекстүү каралып, жанрдык өзгөчөлүгүнө, сюжетине, образдар системасына, тарыхый мазмунун түзүүгө карата көркөм интерпретациянын ролуна монографиялык изилдөө жүргүзүлдү.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** Диссертациянын жоболору жана тыянактары кыргыз адабият таануу илиминин өнүгүшүнө, кыргыз адабиятын окуп үйрөнүүгө, роман жанрынын табиятын аңдаштырууга жана тарыхый роман жанрдагы көркөм интерпретациялоо проблемасынын теориялык аспектилерин түшүнүүгө жардам берет. Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар окуу китептерин, программаларын түзүү, аларды толуктоо жана жаңылоо иштеринде пайдаланууга болот.

**Колдонуу чөйрөсү:** Илимий иштин материалдары менен жыйынтыктарын адабиятчы-окумуштуулар адабият таануу илиминин аталган багыттагы түрдүү проблемаларын изилдөөдө, тактоодо, жогорку окуу жайларынын филолог студенттери, магистранттары, аспиранттары, өздөрүнүн илимий-теориялык билимдерин өркүндөтүүдө колдоно алышат.

**РЕЗЮМЕ**

**дисертации Эшмамбетовой Нурайым Мукамбетовны «Художественная интерпретация исторической правды в кыргызских романах после переходного периода» на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.01.01 – кыргызская литература**

**Ключевые слова:** авторское искание, жанр, жанровая классификация, историзм, принципы историзма, исторический роман, композиция, мотив, писательское мастерство, поэтика, роман, сюжет, тип и типичность, художественная интерпретация, художественное восприятие, художественный образ.

**Предмет исследования** – изыскания, касающиеся вопроса художественной интерпретации исторической правды в романах после переходного периода.

**Объектом исследования** – исторические романы, вышедшие после обретения независимости.

**Цель исследования** – раскрытие взаимосвязи истории и общества в исторических романах, написанных после обретения страной независимости, определение роли авторского мастерства в трансформации исторической правды в художественную, анализ вопросов, касающихся эволюции возникновения, формирования художественной интерпретации исторической правды и его развитие в после переходном периоде.

**Методы исследования:** в ходе исследования были применены историко-обзорный, научно-аналитический, литературно-теоретический, сравнительно-исторический, типологический методы, а также методы диахронического и синхронического подходов к исследованию эволюции жанра.

**Результаты и научная новизна исследования.** Впервые проведено монографическое исследование, направленное на комплексное рассмотрение роли художественной интерпретации в тесной взаимосвязи с жанровой принадлежностью, сюжетом, системой образов, историческим содержанием романов, написанных после обретения независимости.

**Предложения по использованию:** Результаты и положения, полученные в ходе нашего исследования, вносят свой определённый вклад в развитие кыргызского литературоведения, в изучение кыргызской литературы, в исследование жанровой природы романа, а также в исследование теоретических аспектов художественной интерпретации исторической правды.

Материалы и результаты исследования могут служить в качестве теоретического материала в составлении, дополнении и обновлении учебников и программ.

**Область применения:** Материалы и результаты, полученные в ходе исследования, могут быть применены при рассмотрении вопросов по упомянутому направлению. А образовательное значение заключается в

использовании студентами-филологами, магистрантами и аспирантами основных результатов исследования в целях совершенствования научно-теоретических знаний.

**SUMMARY**
**of the dissertation by Eshmambetova Nuraim Mukambetovna "Artistic interpretation of historical truth in Kyrgyz novels after the transition period" for the degree of candidate of philological sciences, specialty 10.01.01 - Kyrgyz literature**

**Key words:** novel, genre, historical novel, artistic interpretation, artistic perception, plot, motive, composition, poetics, artistic image, type and typicality, literary skill, author's search, historicism, principles of historicism, genre classification.

**The subject of the research** is research concerning the issue of artistic interpretation of historical truth in novels after the transition period.

**The object of the research** is historical novels published after independence.

**The purpose of the study** is to reveal the relationship between history and society in historical novels written after the country's independence, to determine the role of the author's skill in the transformation of historical truth into artistic truth, to analyze issues related to the evolution of origin, the formation of an artistic interpretation of historical truth and its development after the transition period.

**Research methods**: in the course of the research, historical-survey, scientific-analytical, literary-theoretical, comparative-historical, typological methods were applied, as well as methods of diachronic and synchronic approaches to the study of the evolution of the genre.

**Results and scientific novelty of the research.** For the first time, a monographic study aimed at a comprehensive consideration of the role of artistic interpretation in close relationship with genre, plot and system of images, historical content of novels written after independence was carried out.

**Suggestions for use:** The results and provisions obtained in the course of our research make a certain contribution to the development of Kyrgyz literary criticism, to the study of Kyrgyz literature, to the study of the genre nature of the novel, as well as to the study of the theoretical aspects of the artistic interpretation of historical truth.

Materials and research results can serve as theoretical material in the compilation, addition and updating of textbooks and programs.

**Scope:** The materials and results obtained in the course of the research can be applied when considering issues in the mentioned direction. And the educational value lies in the use by philology students, undergraduates and graduate students of the main research results in order to improve scientific and theoretical knowledge.